«Бекитемин»
ТалМУнун ректорунун м.а.
__________ С.С. Жумалиев
« 7 » июль 2023 жыл

**2023-2024-окуу жылына Талас мамлекеттик университетинин кесиптик орто билим берүү бөлүмүнө студенттерди кабыл алуунун**

**ЭРЕЖЕЛЕРИ**

Бул эрежелер Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 04-июлундагы № 470 токтому менен бекитилген (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-июлундагы № 334 токтомунун редакциясында) Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмуна студенттерди кабыл алуунун тартибине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмдары жөнүндөгү жобосуна жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы №160, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 20-майындагы "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» № 262 токтомдоруна ылайык иштелип чыкты.

## 1. Жалпы жоболор

1.1 Бул Эрежелер Талас мамлекеттик университетинин кесиптик орто билим берүү бөлүмүнө (КОБББ) абитуриенттерди студенттикке кабыл алууну жөнгө салат. Бул кабыл алуу тартиби менен жөнгө салынбаган маселелер КОБББ тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз алдынча чечилет.

1.2 Талас мамлекеттик университетинин кесиптик орто билим берүү бөлүмүнө (КОБББ) жогорку, орто кесиптик, негизги орто же жалпы орто билими бар Кыргыз Республикасынын жарандары, Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу же убактылуу жашаган чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар кабыл алынат.

1.3 ТалМУнун кесиптик орто билим берүү бөлүмүнө кабыл алуу конкурстук негизде ишке ашырылат. Конкурстун шарттары жарандардын билим берүү жаатындагы укуктарын сактоо кепилдикке алынып, алардын айрыкча жөндөмдүүлөрү менен кесиптик орто билимди өздөштүрүүгө даярдыктары бар жарандарды эсепке алууну камсыз кылат.

1.4 ТалМУнун кесиптик орто билим берүү бөлүмүндө башка мамлекеттердин жарандарын окутуу Кыргыз Республикасы катышуучу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде, ошондой эле билим берүү уюмдары же жеке жарандар менен келишимдердин негизинде ишке ашырылат.

1.5 Адистиктери боюнча келишим (акы төлөө) негизинде кабыл алуу планын ТалМУнун атайын орто кесиптик билими окуучулардын контингентинин чегинде аныктайт жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашат.

## 2.Кабыл алууну уюштуруу

2.1 Кабыл алууну уюштурууда кабыл алуунун эрежелеринин негизинде абитуриенттерди кабыл алуу комиссиясы түзүлөт жана анын төрагасы ТалМУнун ректору болуп саналат. Төрага абитуриенттерди КОБББга кабыл алуу комиссиясынын ишинин ачык-айкын өтүүсүн камсыздайт.

2.2 Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы кабыл алуу планын аткарылышы, лицензияда белгиленген чектүү контингенттин, ошондой эле КОБББ га кабыл алуу боюнча ченемдик укуктук актылардын талаптарынын сакталышы үчүн жооптуу болот, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктайт, алардын иш тартибин, кабыл алуучу жана апелляциялык комиссиялардын жарандарды кабыл алуу графигин бекитет.

2.3 Кабыл алуучу абитуриенттерди кабыл алуу үчүн турларды уюштуруу жана өткөрүү үчүн кабыл алуу комиссиясынын төрагасы сынактык жана апелляциялык комиссиялардын курамдарын бекитет. Сынактык жана апелляциялык комиссиялардын ыйгарым укуктары жана иш тартиптери ТалМУнун ректору бекитүүчү алар жөнүндө жоболор менен аныкталат.

2.4 Кабыл алуу комиссиясынын ишин жана иш кагаздарын жүргүзүүнү, ошондой эле абитуриенттерди жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жеке кабыл алууну ТалМУнун ректору тарабынан дайындалуучу жооптуу катчы уюштурат. Кабыл алуу комиссияларынын жооптуу катчыларынын кандидатуралары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашылат. Бир эле адам удаасы менен эки жылдан ашык жооптуу катчы боло албайт.

2.5 Кабыл алуучу комиссиянын курамы, ыйгарым укуктары жана ишинин тартиби ТалМУнун ректору бекитүүчү ал жөнүндө жобо менен аныкталат. Кабыл алуучу комиссиянын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бир жыл.

2.6 ТалМУнун кесиптик орто билим берүү бөлүмүнө кабыл алууда кабыл алуу комиссиясынын төрагасы жарандардын билим берүү жагында Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген укуктарын сактоону, кабыл алуучу жана апелляциялык комиссиялардын ишинин ачык-айкындыгын, тапшыруучулардын жөндөмүн жана шыктарын баалоонун объективдүүлүгүн, кабыл алуунун бардык этаптарында кабыл алуучу комиссиянын жетекчилигине жеткиликтүүлүктү камсыздайт.

2.7 ТалМУнун кесиптик орто билим берүү бөлүмүнө конкурска катышууүчүн абитуриент төмөнкү документтерди http://2020.edu.gov.kg/spuz/ сайтына өтүнмө тапшырат:

- паспортун же туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн;
- жалпы орто билими жөнүндөгү аттестаты (11-класс), негизги орто билими жөнүндөгү күбөлүк (9-класс) жана ага тиркемелерди;
- аскердик билетин же катталуу күбөлүгүн;
- керектүү сандагы сүрөтүн (3х4 - 6 шт.).

Эгерде тапшыруучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жеңилдиктерге талапкер болсо, ТалМУнункесиптик орто билим берүү бөлүмүнө тийиштүү адистиктер боюнча окууга кандайдыр чектөөлөр бар болсо тапшыруучу башка документтерди да тапшырышы мүмкүн.

2.8 Окутуунун ар түрдүү формаларына жана келишим (акы төлөө) негизинде окууга түшкөн арыздар өз-өзүнчө бөлөк катталып, бөлөк эсепке алынат.

2.9 Кундузгу жана сырттан окуу бөлүмдөрүнө абитуриенттерди кабыл жана

документтерди тариздөө интернет тармагы аркылуу http://2020.edu.gov.kg/spuz/ Автоматташтырылган маалыматтык ситеманынын жардамы менен жүргүзүлөт:

- Окутуунун күндүзгү, сырттан окуу формасына 2023-жылдын 12-июлунан баштап 30-августуна чейин;

2.10 ТалМУнун кесиптик орто билим берүү бөлүмү кабыл алуу эрежелерин жыл сайын иштеп чыгат, бекитет жана аларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмуна студенттерди кабыл алуунун тартибине каршы келбөө жагынан Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашышат.

2.11 Чет өлкөлүк жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим тууралуу же негизги орто билим тууралуу мамлекеттик документтерине эквиваленттүү билими тууралуу документтерин көрсөтүшү керек. Чет өлкөлүк жарандардын документтеринеэ кспертизаны Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жүргүзөт.

2.12 Билиминин тийиштүү деңгээли жөнүндө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги берген маалымкат болмоюнча чет өлкөлүк жарандар окууга кабыл алынбайт.

## 3. Кирүү сынактары

3.1 Уюштуруу-укуктук формасына, окутуунун формасына карабастан КОБББ га кирүү үчүн башкы критерийлер болуп тапшыруучунун билиминин деңгээли жана жөндөмү эсептелет, аны текшерүү үчүн кирүү сынактары өткөрүлөт, ЖОЖдун диплому менен тапшырган абитуриенттерге ангеме өткөрүлөт:

- Республикалык жалпы тестирлөөгө катышпаган же төмөнкү балл алган, бирок бюджеттен тышкаркы күндүзгү бөлүмүнө тапшырууну каалаган абитуриенттерге;
- сырттан окуу бөлүмүнө тапшыруучу абитуриенттерге;
- чет өлкөнүн жарандыгы бар абитуриенттерге.

3.2 Абитуриенттерди кабыл алуу турларынын мөөнөтү:

- Окутуунун күндүзгү, сырттан окуу формасына 2023-жылдын 12-июлунан баштап 30-августуна чейин.

3.3 Абитуриенттерди бюджеттик да, ошондой эле контракттык негизде да окууга кабыл алуу үчүн конкурс орто билими жөнүндө аттестаттын (11-класс) же негизги билими жөнүндөгү күбөлүктүн (9-класс) орточо баасынын суммасы жана конкреттүү адистик үчүн бир профилдик предметтин баасы боюнча, ошондой эле онлайн тестирлөө өткөрүлгөн учурда анын жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт.

Билими жөнүндөгү документтин орточо баасын эсептөөүчүн тиркемедеги баалар өз ара суммаланат жана алынган суммасы бардык предметтердин жалпы санына бөлүнөт бул суммага профилдик предметтеридин баасы кошулат Кесипттик орто билим берүүнун ар бир адистиги боюнча профилдик предметтердин тизмеси КР ББИМ буйругу менен аныкталат.

Кабыл алууга сунушталган абитуриент 2-кун ичинде окууга карата кол коюу аркылуу аталган окуу жайга окууну каалоосун тастыктоого тийиш анын формасы Автоматташтырылган мааалыматтык сиетемада жайгаштырылат http://2020.edu.gov.kg/spuz/. Кабыл алууга сунушталган абитуриент 2 күндүк мөөнөттүүн ичинде аталаган КОБББ окууну каалоосун тастыктабаса анада анын орду автоматтык түрдө бош болуп саналат жана ага кийинки турда конкурс жарыяланат.

3.4 Кабыл алуунун тартиби, ошондой эле кабыл алуу комиссияларынын арыздарды кабыл алууну уюштуруу боюнча чечимдери, конкурска катышуу турларын өткөрүүнүн расписаниеси, кабыл алуунун жыйынтыктары абитуриенттерге өз учурунда билдирилип туруусу зарыл.

3.5 Бирдиктүү талаптардын аткарылышын, тапшырмалар (суроолор) боюнча сыноолордогу талаш маселелерди чечүү жана ТалМУнункесиптик орто билим берүү бөлүмүнө тапшыргандардын укуктарын коргоону камсыздоо максатында кабыл алуу комиссиясында апелляциялык комиссия түзүлөт. Апелляциялык комиссиянын курамына билим берүүнү башкаруу органдарынын өкүлдөрү, сабактар боюнча педагогикалык кызматкерлер көз карандысыз эксперт катары киришет.

3.6 Апелляция берүүнүн эрежелерин ТалМУнун апелляциялык комиссиясы аныктайт жана ал тууралуу окуу жайга тапшырган абитуриенттерге маалымдайт.

3.7 Абитуриенттердин апелляция жөнүндө арыздары кабыл алуудагы аттестаттын (күбөлүктүн) орточо баллынын жыйынтыгы жарыялагандан кийин бир сутканын ичинде берилет да, алар апелляциялык комиссия тарабынан арыз ээсинин катышуусунда бир күндүн ичинде каралат.

3.8 Апелляцияны кароо кайра сынакка кирүү эмес. Апелляцияны кароонун жүрүшүндө кабыл алуудагы аттестаттын (күбөлүктүн) орточо баллынын туура же туура эмес бааланганы гана текшерилет.

## 4 Кабыл алуу

4.1 ТалМУнун кесиптик орто билим берүү бөлүмүнө студенттикке кабыл алуу турлары бүткөндөн кийин күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмүнө 2023-жылдын 1 – сентябрынан кеч эмес ишке ашырылат.

4.2 Конкурстун жыйынтыгы боюнча кабыл алуу тууралуу буйрук кирүү сынактарында топтогон баллын көрсөтүү менен ТалМУнун сайтына жана кабыл алуу комиссиянын маалымат тактасына жарыяланат.

4.3 Жакшы баа алса окутуу акысын төлөө менен келишим боюнча конкурстан сырткары кабыл алынчуулар:

- запаска бошотулган жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген жеңилдиктерди алууга укуктуу аскер кызматчылар;
- тоголокжетимжанаата-энесинин камкордугусуз калган балдар (ошолжылдын 1-октябрына карата 18 жашка чыга электер);
- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген, медициналык-социалдык экспертизанын корутундусу боюнча даярдыктын жана адистиктин тандаган багыты боюнча коожда окуса болуучу адамдар;
- тандаган колледждеги багыттар жана адистиктер боюнча эл аралык жана республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү (ошол жылы 1-3-орундарды алгандар), эгерде олимпиадалык сабак профилдик болсо.

4.4 "Спорттун чеберлигине талапкер", "Кыргыз Республикасынын спортунун чебери", "Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спортунун чебери" спорттук наамдары бар спортсмендер мамлекеттик жана муниципалдык орто кесиптик билим берүү мекемелерине тапшырууда окутуу акысын төлөө менен келишим боюнча орундарга артыкчылыктуу укукка ээ болушат.

4.5 ТалМУдагы кесип билим кабыл алуу билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтин түп нускасы боюнча ишке ашырылат.

4.6 ТалМУнун кесиптик орто билим берүү бөлүмү Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине кабыл алуу жөнүндө жыйынтык маалыматтарды берүүчү мөөнөттөр:

- бюджетке кабыл алуу – 15-сентябрга чейин
- акы төлөп окуу үчүн – 15-сентябрга чейин.

4.7 Кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча кабыл алуу комиссиясы 2023-жылдын 15-сентыбрынан кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине статистикалык отчет берүүгө, ал эми кабыл алуу бүткөндөн кийин - студенттерди кабыл алууну уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө отчетту берүүгө милдеттүү.

**Кабыл алуу комиссиясынын**

**жооптуу катчысы** **Р.А. Уркумбаева**